5.2.4. Абоненттердин суутүтүк тармактарында (эсептөө аспабы жок болсо) ичүүгө жарактуу суунун агып кемүүсү жана жөнү жок колдонуусу табылса, анын ичинен суу түтүк крандаран жуулучу челектер, душ орнотуулар табылса "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ өкүлү менен Акт түзүлөт. Актка абонент кол коет, эгерде ал жок болсо же макул болбосо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлү менен ишке ашырылат.

5.3. Канализациялык агымдарды эсепке алуу.

5.3.1. Шаардык канализацияга түшкөн агымдардын эсеби шаардык канализацияга чыгуучу агым суулардын эсептөө аспабы боюнча жүргүзүлөт;

5.3.2. Агым суулардын эсептөө шайманы жок болсо агымдардынсаныаныкталат;

- борбордук же ведомстволук суу түтүктүн түшкөн муздак суунун саны боюнча,суу эсептөө аспабынын көрсөткүчүнө ылайык жана ысык суунун чыгашасы,ошондой эле ысык сууну эсептөө аспабы боюнча аныкталат:

- ысык суунун эсептөө аспабы жок болсо–ысык сууну колдонууну эсептөөдө бекитилген нормаларга ылайык;

- суу жергиликтүү жана башка булактардан керектелсе агым суулардын чыгашасы курулмалардын өткөрүү шыгы боюнча канализацияга кошулуш үчүн аныкталат,бир айдын ичинде 1 суткада-0,5 коэффициентке барабар 12 саат 1 суткада 1 ай ичинде канализациянын минималдуу түрдө;

5.3.3. Абоненттен келип түшкөн агымдардын санын аныктоодо келише албастык учурда "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ көзөмөлдүү ченөө өткөрүүгө укугу бар.Көзөмөлдүк ченөөлөр зарылдык чара боюнча жана абоненттин катышуусу менен жүргүзүлөт. Өлчөө бүткөндө акт түзүлөт ага эки жак менен кол коюлат.

## 6. ИЧҮҮГӨ ЖАРАКТУУ СУУНУ БЕРҮҮ ҮЧҮН (АЛУУ ҮЧҮН) ЭСЕП ЖАНА АГЫМДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ

6.1. Ичүүгө жарактуу сууга абоненттердин "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ менен эсептешүүсү,агымдарды таштоо жана тазалоо,суутүтүк-канализациялык тармгынын техникалык тейлөөсү,тарифтердин негизинде жүргүзүлөт;

6.2. Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев а. борбордук суу камсыздоо системасындагы ичүүгө жарактуу сууну колдонууга тарифтер жана агымдардын борбордук канализациялык системасына кабыл алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык орнотулат;

6.3. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ ичүүгө жарактуу сууга ө убагында төлөнүүсүн байкоого милдеттүү жана суутүтүк канализациялык тармактарынын техникалык